Үч-Терек айылдык кеңешинин IX чакырылышынын
2025-жылдын 12-сентябрындагы кезектеги
XI сессиясынын № 61 токтомуна тиркеме

БЕКИТЕМ

Үч-Терек айылдык кеңешинин

төрагасы

______________Г.А.Маленов

**Үч-Терек айыл айыл аймагынын 2025-2030 - жылдарга**

**социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.**

| 1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ | |
|---|---|
| | |
| Географиялык абал | Үч-Терек айыл аймагы Жалал-Абад облусунун чыгыш тарабындагы Токтогул районунда айыл жергесинде жайгашкан. Аймак чыгыштан Тогуз-Торо району менен айыл аймагы менен (эгер айыл аймагы менен эмес, башка район менен болсо – анда районду көрсөтүү керек), батыштан Сузак, Базар-Коргон райондору айыл аймагы менен чектешет ж.б. Айылдык аймактын борбору–Үч-Терек айылы.<br>Облустук борбордон алыстыгы -422 км. Борбордон алыстыгы -322км.<br>Айыл аймагы 1997- жылы уюштурулган. |
| Жалпы аянты (Га) | 70769га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Негизинен тоолуу аймак, деңиз деңгээлинен-1100 метр бийиктикте жайгашкан. Кескин континенттик климат айыл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Кыш мезгили 4 айга созулат жана катуу кар менен коштолот, минималдуу төмөнкү температура -16 оС жетиши мүмкүн. Жай мезгилинде температура +23 оС чейин жетиши мүмкүн. Жайында орточо температура +23 оС, кышында -16 оС |
| АА калкы (адам), аялдардын саны:<br>анын ичинде (айылдарда): | 01.01.2024-жылга карата Үч-Терек айыл аймагынын калкынын саны-11834, кожолуктун саны-1727 түзөт.<br>Аялдар: 5988,<br>Эркектер:5846 |
| Үч-Терек айылы (АА борбору) | Калктын саны: 3563, анын ичинен аялдардын саны:1839<br>Кожолук саны: 511 |
| Саргата айылы | Калктын саны:2751, анын ичинен аялдардын саны:1379<br>Кожолук саны: 401 |
| Кызыл-Ураан айылы | Калктын саны: 2801, анын ичинен аялдардын саны: 1434<br>Кожолук саны: 414 |
| Жетиген айылы | Калктын саны: 2434, анын ичинен аялдардын саны:1205<br>Кожолук саны: 336 |

| Такталык айылы | Калктын саны: 285, анын ичинен аялдардын саны:131<br>Кожолук саны: 65 |
|---|---|

| | |
|---|---|
| СЭӨПнын максаты | *Калктын бардык катмарын эске алуу:<br>СЭӨПнын максаты - Үч-Терек айыл аймагына караштуу айыл тургундарынын турмушун жакшыртып, экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү, жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин көтөрүү, жана социалдык инфраструктураны өнүктүрүү, экологиялык бакубаттуулугу, инклюзивдүү өсүшү болуп саналат.<br>*Айыл чарбасын, мал чарбачылыгын жана башка жергиликтүү экономикалык ишмердүүлүктөрдү колдоо жана өнүктүрүү. Жаңы жумуш орундарын түзүү жана жеке ишкердүүлүктү өнүктүрүүгө шарт түзүү.<br>*Чакан ишканаларды ачуу; (Тигүү цехтери, кондитердик азыктарды даярдоо, сүттү кайра иштетүү цехтери, концервациялоо)<br>*Жумуш орундарын түзүү; (Мигранттарды иш менен камсыз кылуу)<br>*Көп кабатуу үйлөрдү куруу, кесипкөй жаш кадрларды<br>үй менен камсыздоо;<br>*Логистикалык борбор куруу;<br>* Табигый жана маданий ресурстарды пайдалануу менен туризмди өнүктүрүү аркылуу киреше булактарын көбөйтүү; (Туризмди өнүктүрүү)<br>*Жайыттарды жакшыртуу;<br>*Мал чарбачылыгына асыл тукумдуулугун өнүктүрүү;<br>*Кылмыштуулукту азайтуу, коопсуз шаарларды түзүү;<br>*Жаштарга спорт комплекстерин куруу; (ден соолукту чыңдоочу машыгуу залдарын ачуу)<br>*Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга реабилитациялык борбор куруу;<br>*Балдар ойноочу заманбап аянтчаларды куруу;<br>*Ички жолдорду асфальттоо;<br>* Жолдорду, суу менен камсыздоо системаларын, электр энергиясын жана башка негизги инфраструктураларды жаңыртуу жана өнүктүрүү.<br>*Бал аарычылыкты өнүктүрүү;<br>*Үч-Терек айыл өкмөтүнүн бюджетин көбөйтүү;<br>*Айыл чарбасын өнүктүрүү, жерлерди асылдандыруу;<br>*Жерлерди трансформациялоо, башкы пландарды чийдирүү, жаңы конуштарды таза суу менен камсыз кылуу;<br>*Жашыл экономиканы өнүктүрүү, Чакан ГЭСтерди куруу, айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү;<br>* Жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүү.<br>* КТК ташууну уюштуруу, экологияны жакшыртуу;<br>* Жаңы бала бакчаларды ачуу;<br>* Билим берүү, саламаттык сактоо жана маданий объектилердин иштөө шарттарын жакшыртуу, калкты сапаттуу кызматтар менен камсыз кылуу. |

| | |
|---|---|
| | Бул максаттардын баары калктын социалдык абалын жакшыртууга, жергиликтүү экономиканы туруктуу өнүктүрүүгө жана айылдын жашоо шарттарын көтөрүүгө багытталган. |

## 2-БӨЛҮМ. КАЛК

2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары

| Категория | факт | | | күтүлгөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027ж. | 2028 ж. | 2029 ж. |
| Жыл башындагы туруктуу калктын саны (адам) | 12818 | 11834 | 11850 | 11834 | 11562 | 11297 | 11037 |
| Өсүш темпи % | -1.0% | 0,1% | -1.05% | -6.8% | -2.3% | -2.3% | -2.3% |
| анын ичинде аялдар | 6509 | 6618 | 6345 | 5988 | 5811 | 5678 | 5418 |
| Жыл башындагы эмгекке жарамдуу куракта туруктуу калктын саны, (адам) | 7538 | 6849 | 6355 | 6534 | 6240 | 5960 | 5692 |
| Өсүш темпи (%) | | -9.14% | -7.21% | 2.81% | -4.5% | -4.5% | -4.5% |
| анын ичинде аялдар | 3548 | 2859 | 2365 | 3236 | 3144 | 3044 | 2938 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча иштеген калктын саны (адам): | 2437 | 2452 | 2461 | 2482 | 2580 | 3200 | 4500 |
| Айыл чарба | 1564 | 1564 | 1564 | 1564 | 1564 | 1564 | 1564 |
| Өнөр жай | 25 | 32 | 41 | 46 | 53 | 60 | 68 |
| Иштетүүчү | | | | | | | |
| Электр энергиясы | 16 | 16 | 16 | 16 | 16 | 16 | 16 |
| Курулуш | 20 | 24 | 26 | 30 | 32 | 36 | 42 |
| Соода | 89 | 96 | 96 | 100 | 120 | 125 | 150 |
| Транспорт жана байланыш | 4 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| Башка кызматтар | 169 | 184 | 193 | 242 | 260 | 275 | 300 |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | - | - | - |
| Жумушсуздардын саны (адам): | 5288 | 4649 | 4630 | 4600 | 4644 | 4688 | 4733 |
| Өсүш темпи | 0,87% | 0,99% | 0,99% | 0,95% | 0,95% | 0,95% | 0,95% |
| анын ичинде аялдар | 3966 | 3486 | 3472 | 3450 | 3483 | 3516 | 3549 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны (адам) | 5678,37 | 4929,02 | 4826,38 | 4851,94 | 4671 | 4564 | 4459 |
| Өсүш темпи | 44,3% | 41,8%, | 38% | 41% | 40,4% | 40,4% | 40,4% |
| Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 40 | 40 | 42 | 44 | 44 | 45 | 45 |
| Өсүш темпи (%) | 1% | 1,05% | 1,04% | 1,03% | 1,03% | 1,03% | 1,03% |

2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо

2024-жылы айыл аймактын жалпы калкы 11834 адамды түздү, анын ичинен эркектер -5846 , аялдардын саны 5988 киши. Жылына төрөлгөндөрдүн саны 148 баланы түздү. Калктын өсүшүнүн болжолу жылына калктын өсүшүнүн 1,8% ашпайт . Божомолдоодо орто мөөнөттүү келечекте ички жана тышкы миграциянын өсүшү күтүлбөй тургандыгы, ошондой эле калктын сырттан агылып келиши эске алынган. Болжолдонгон калктын саны калктын табигый өсүшү жана азайышы менен жөнгө салынат (1-диаграмманы караңыз)

Эмгекке жарамдуу калктын саны 6355 адамды түзөт. Орто мөөнөттүү келечекте эмгекке жарамдуу калктын өсүшү жогорку темпти көрсөтпөйт жана болжол менен ошол эле деңгээлде сакталат (2бирок бул мезгилден кийин бул чараларды ишке ашыруунун эсебинен жогору көрсөткүчтөрдү күтүүгө болот. Экономиканы өнүктүрүүгө багытталган программа, бул жаштардын сыртка агылышын олуттуу кыскартууга жана ошону менен бирге эмгекке жарамдуу калктын кыйла олуттуу өсүшүнө алып келиши мүмкүн деген божомолдор бар.

Үч-Терек айыл аймагынын эмгекке жарамдуу калкынын өсүү динамикасы.

Үч-Терек айыл аймагында 2024-жылы жалпы эмгекке жарамдуу калктын иш менен камсыз болгон калктын үлүшү (2461 адам) 34%ды түздү , болжолдуу эсептөөлөр боюнча ал азайбайт, ал тургай өсүүнү көрсөтөт. 2026-жылга салыштырмалуу 1,8%ды түздү . Иш менен камсыз кылууда эң чоң үлүштү айыл чарбасы ээлейт кызматкерлердин жалпы санынын 54% ы (2023-ж. 6390 адам). Өнөр жай, соода жана курулуш сыяктуу ишмердүүлүктүн башка тармактагы кызматкерлердин жалпы санында 10-12% дан ашпаган үлүшүн көрсөтүү менен кыйла артта калууда. Бул айыл аймактын аймагынын жана бүтүндөй региондун экономикасынын айыл чарба багыты менен түшүндүрүлөт.

Айыл аймакта 4630 расмий катталган жумушсуздардын саны 260 адамга чейин кыскарган, бул эмгекке жарамдуу калктын 2,2% түзөт - бул дүйнөлүк практиканын стандарттары боюнча эң төмөнкү көрсөткүчтөрдүн бири. Болжолдоо жумушсуздардын санынын кескин кыскарышын болжолдобойт, анткени мындай аз үлүшү мүмкүн болгон статистикалык каталардан улам алдын ала айтуу кыйынга турат. Ошол эле учурда өнөр жай өндүрүшүнүн жана чакан бизнестин начар өнүгүшүнөн улам жумушсуздуктун өсүшүнүн олуттуу тобокелдиктери бар, ошондуктан СЭӨП экономиканы өнүктүрүү жана инклюзивдик өсүү бөлүмдөрүндөгү калкты көбүрөөк иш менен камсыз кылуу боюнча чараларды камтылат. Анын ичинде айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларды жана фабрикаларды куруу, ошондой эле ишкердикти өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү зарыл.

Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны 2024-жылга карата 42 адамды түздү – республиканын башка региондорунун көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу бул өтө аз сан. Ал эми болжолдоодо мындай кичинекей көрсөткүчтүн да азайышы каралганы менен, жаштар үчүн келечектүү жумуш орундарынын жоктугунан, ошондой эле ички миграциянын күчөшүнөн тобокелдиктерин эске алуу зарыл.

СЭӨП калкты иш менен камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашырууну карайт:

жаштарга ар кандай тренингдерди жана билим берүү курстарын табууга жана бүтүрүүгө көмөк көрсөтүү;

үйдө отурган аялдарды жана кыздарды бала бакчаларга жана тигүү цехтерине жумушка тартууга жардам берүү;

бизнес ачууда калкка жакындан жардам көрсөтүү,

Корутундулар жана сунуштар

Калктын жалпы санынын өсүшү анча деле чоң эмес – жылына 1%, ал калктын табигый өсүшү жана табигый азайышы менен гана жөнгө салынат.

Эмгекке жарамдуу калктын саны өскөн жок.

Эмгекке жарамдуу калктын жалпы санында иштеген калктын үлүшү кыйла жогору – 34% өсөт. Калктын көбү айыл чарбасында 54% иштейт.

Жумушсуздуктун деңгээли төмөн – эмгекке жарамдуу калктын 2,2%

Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны республиканын башка аймактарына салыштырмалуу өтө аз.

## 3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА

3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура

| Категория | факт | | | Күтүл-гөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. | 2028 ж. | 2029 ж. |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 40% | 50% | 55% | 70% | 81% | 87% | 92% |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 12% | 18% | 35% | 50% | 65% | 72% | 85% |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | - | - | - | - | - | - | - |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (% | 10% | 12% | 16% | 16% | 25% | 38% | 55% |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 10 | 25 | 30 | 45 | 60 | 66 | 75 |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 12 | 35 | 25 | 32 | 43 | 51 | 60 |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 60% | 75% | 80% | 80% | 85% | 88% | 100% |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | УСК | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | ССМ | 86 | 86 | 86 | 88 | 88 | 90 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | УСК | 300 | 300 | 300 | 300 | 300 | 300 |
| (башка көрсөткүчтөр) | - | - | - | - | - | - | - |

3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө

Бул жерде суроолорго кыска жооптор берилет (ар бир кызмат боюнча):

Аймактын тургундарына кандай кызматтар керек, бирок жеткиликтүү эмес? (сүрөттөө)

Эмне үчүн бул кызматтар жеткиликтүү эмес (каржынын жетишсиздигинен тышкары)?

Жооптордун варианттары:

- башка көйгөйлөр чечилмейинче бул кызматтарда зарылчылык жок (башка артыкчылыктар бар) ☐
- табигый факторлор тоскоол болот ☐
- калк кызмат үчүн акча төлөгүсү келбейт ☐
- кызматты кантип уюштурууну билбейбиз ☐
- башка (көрсөтүлсүн):

Учурдагы кызмат көрсөтүүчүлөрдүн финансылык башкаруусу жакшыбы: тарифтер, жыйымдар, финансылык план, жергиликтүү бюджеттен субсидиялар? (ар бир жеткирүүчүнүн абалын кыскача сүрөттөп бериңиз)

Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн финансылык абалын жакшыртуу үчүн эмне кылуу керек:

Жооптордун варианттары:

- окутуу жүргүзүү ☒
- жаңы жабдууларды сатып алуу ☒
- жарандар менен өнөктүк жүргүзүү ☒
- башка (көрсөтүлсүн):

Бул көйгөйлөрдү жана кемчиликтерди жоюу үчүн жергиликтүү бюджеттен канча кошумча каржылоо керек? (көрсөтүлсүн)

ЖӨБ органы кызмат көрсөтүүчүгө жардам берүү үчүн эмне кылды? Жыйынтыгы кандай болду? Маселе чечилдиби? Эгерде чечилбесе, анда эмне үчүн? (сүрөттөө)

1. Айыл аймакта КТК боюнча нормалар иштелип чыгып, айылдык кеңештин депутаттары тарабынан бектилгени менен атайын спец.техникалар жок болгондуктан, кызмат көрсөтүлбөйт. Жергиликтүү бюджет тартыштыгынан спец техника алынган эмес, кызматкерлердин дарамети (билими) жетишсиз.

2. Үч-Терек айыл аймагынын ички жолдору жалпы; 101,3км анын ичинде 71,3км таш жол, 30 км СССР убагындагы курулган жолдор жараксыз абалга келген. Ички жолдордун 45км жолду асфальттоо талап кылынат.

3. Үч-Терек айыл аймагында мектепке, бала бакчага,базарга бара турган жолдорго тротуар курулган эмес. Чоң жолдун жээги менен басууда кооптуу болгондуктан, окуучулар жана жаш балалуу энелер кыйналышат, 6 км ички жолдорго тротуар куруу керек.

4. Калктын жаш балдары гана спорт ийримдерине барышат. Калган ДМЧлар жана аялдар үчүн атайын машыгуу залдар, фитнес клубдар, уюштурулган эмес.

5. Айыл аймактын 3 айылында айылдык клубтар бар, бирок айылдарда жаш муундарды кызыктыруучу маданий ийримдер уюштурулган эмес.

Айылдык клубтарда атайын ийримдерди уюштуруп, кеминде ар бир айылдык клубда 10 баладан жогору катыштырууга болот.

6. Үч-Терек айыл аймагында мектепке чейинки билим берүү мекемелери жетишсиз. Айыл аймакта жалпы бала бакчага бара турган баланын саны 1000, анын ичинен 400 бала бала бакчага барат. Ал эми 600 бала бала бакча жетишсиздигинен барбайт. Ошондуктан дагы 3 бала бакча куруу зарыл. Эң тоолуу –Жетиген айылына, Кызыл-Ураан жана Саргата айылдарына.

- Жетиген айылындагы Молдомусаев орто мектебин капиталдык ремонттон өткөрүү.

- Үч-Терек, Жетиген айылдарындагы машыгуу залына спорттук инвентарларды-шаймандарды сатып алуу.

Үч-Терек айылына жаштарды спортко тартуу үчүн Спорт комплекс куруу керектелет.

3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү

| Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| Биринчи кезектеги муктаждыктардын бири көрсөтүлөт, мисалы:<br>Үч-Терек айыл аймагынын борбору болгон Үч-Терек айылына караштуу А.Жээналиев жана З.Акаев борбордук көчөлөрүн жалпы,2км аралыгына жөө адамдар өтүүгө коопсуз шарт түзүүнү уюштуруу. | Натыйжаны алуу үчүн эмне керек, мисалы:<br>Үч-Терек айылына караштуу А.Жээналиев жана З.Акаев борбордук көчөлөрүнө жалпы 2,5 км аралыгына жөө адамдар өтүүчү (тротуар) куруу. | Бул жерде баалуулуктар менен жыйынтык жана бул натыйжаны алууга мүмкүн болгон мезгил көрсөтүлөт,<br>Жөө жүрүүчүлөр үчүн коопсуз жана ыңгайлуу жүрүү жолдорун камсыз кылат. Бул жол кыймылындагы транспорт каражаттарынан коргоону, жөө адамдардын жаракат алуу коркунучун азайтууну жана алардын айылдык мейкиндикте эркин кыймылдоосун жеңилдетүүнү көздөйт. Ошондой эле тротуарлар айлана-чөйрөнүн жалпы көрүнүшүн жана инфраструктураны жакшыртат. |
| Катуу тиричилик калдыктарын (КТК) чыгарууну уюштуруу жана бул үчүн атайын техникаларды сатып алуу. | Үч-Терек айыл аймагына караштуу жалпы 5 айылдын жашоочуларын КТК чыгарууну уюштуруу жана спец.техника менен камсыздоо. Айыл ичиндеги социалдык объектилерге (ЖДПБ, ҮДБ, бала бакчалар, мектептер, маданият тармактарына) таштанды таштоочу урналарды | КТКны чыгаруунун графиктерин түзүү: Калдыктарды чогултуу убактысын жана жыштыгын аныктоо, калктын санына жана калдыктардын көлөмүнө жараша, атайын спец техникаларды сатып алуу,<br>калдыктарды натыйжалуу чыгаруу<br>жана ташууга ылайыкталган. Айыл аймагыбыздын жашоочуларынын |

| | | |
|---|---|---|
| | орнотуу. Спец.техника сатып алуу менен, айыл ичинде графиктин негизинде КТК чыгарууларды уюштуруу. | калдыктарын өз убагында жана коопсуз чыгарууну камсыз кылуу, айлана-чөйрөнү коргоого жана айыл аймагын таза кармоого багытталат. |
| Үч-Терек айыл аймагына караштуу үч айылда бала бакча ачуу менен, кичинекей балдарга эрте курактагы билим берүү, социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү жана кам көрүү шарттарын түзүү. | Үч-Терек айыл аймагына караштуу эң тоолуу Жетиген жана Кызыл-Ураан, Саргата айылдарына бала бакча куруу. МЧБМ ачуу менен балдардын физикалык, интеллектуалдык жана эмоционалдык жактан өсүп-өнүгүүсүнө багытталган билим берүү программалары ишке ашырылат. | Айыл аймагыбыздагы бала бакчага бара албаган,учурда кезекте турган 250гө жакын балдарды бала бакчага баруусуна шарт түзүү. Ошондой эле ата-энелерге балдарын коопсуз жана өнүктүрүүчү чөйрөдө калтырууга мүмкүнчүлүк берет, бул алардын жумушта иштеп же башка иштер менен алектенүүсүнө шарт түзөт. |
| Үч-Терек айыл аймагына караштуу айылдарда жашаган калктын аярлуу тобу болгон жалпы<br>аялдарга жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (ДМЧ) ылайыктуу фитнес клубун жана машыгуу залдарын уюштуруу, инклюзивдүү жана адамдардын ден соолугун чыңдоого багытталган демилгелерди ишке ашыруу. | Үч-Терек айыл аймагына караштуу айылдарда жашаган калктын аярлуу тобу болгон жалпы<br>аялдарга жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (ДМЧ) ылайыктуу фитнес клубун жана машыгуу залдарын ачуу. ДМЧлар үчүн ыңгайлуу кирүү жана чыгуу жолдору болушун көзөмөлдөө (пандустар, кең эшиктер, лифттер). Физикалык мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ылайыкталган тренажерлорду Аялдарга жана ДМЧларга ыңгайлуу болуусу үчүн атайын бөлүнгөн жеке машыгуу бөлмөлөрү жана ыңгайлаштырылган кийим алмаштыруучу жана жуунуучу жайлар болушун камсыздоо. | Машыктыруучуларды ДМЧлар жана ар кандай физикалык мүмкүнчүлүктөрү бар адамдар менен иштөө боюнча атайын даярдыктан өткөрүү.Аялдар жана ДМЧлар бири-бирин колдоп, мотивациялай турган коомдук топторду түзүү.Фитнес жана ден соолук боюнча семинарлар, курстар, мотивациялык жолугушуулар уюштуруу.Инклюзивдүүлүккө багытталган клуб же зал тууралуу маалыматты туура жеткирүү. Аялдар жана ДМЧлар үчүн өзгөчө шарттар түзүлүп,ар бир адамга ден соолукту чыңдоого мүмкүндүк берүү менен социалдык теңдикке салым кошот. Болжолдуу калктын аярлуу катмары болгон аялдар жана ДМЧлар 52% ден соолуктарын чыңдоочу машыгуу залы менен камсыз болушат. |
| Айылдык клубтарда маданий ийримдерди уюштуруу, коомдун маданиятты өнүктүрүүгө жана ар кандай чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүүгө багытталган маанилүү демилгелерди колдоо. | Үч-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Жетиген, Кызыл-Ураан, Саргата айылындагы жайгашкан айылдык клубтарга жана Т.Абдиев атындагы маданият үйүнө маданий ийримдерди вокал, музыкалык аспаптарда ойноо (комуз, ооз комуз, аккардеон, гитара, ямаха) Бий ийримдери: салттуу, заманбап жана улуттук | Ар бир багыт боюнча тажрыйбалуу, чыгармачыл, квалификациялуу адистерди тартуу зарыл. Инструкторлор балдар менен иштөө тажрыйбасына ээ болуусу керек. Ийримдерди өткөрүү үчүн ыңгайлуу жана жеткиликтүү имараттарды же залдарды даярдоо зарыл (маданият үйлөрү, мектептер, клубдар). Шаймандар жана жабдуулар: Ар бир ийримге керектүү материалдарды жана шаймандарды камсыз кылуу (музыкалык |

| | | |
|---|---|---|
| | бийлерди үйрөтүү,сүрөт жана кол өнөрчүлүк ийримдери: Живопись, кол өнөрчүлүк,<br>Кол өнөрчүлүк жана улуттук искусство: Улуттук кийимдерди тигүү, өрмөчүлүк, чий, териден буюм жасоо боюнча ийримдер ачылат. | аспаптар, сүрөт тартуу жабдыктары, бий залдары үчүн күзгүлөр ж.б.).<br>Балдарды жана чоңдорду тартуу<br>Коомчулукка маалымат жеткирүү: Жарнама жана коомдук маалымдоо кампанияларын уюштуруу (маалыматтык баракчалар, социалдык медиа жарнамалары, мектептерде жана коомдук жайларда жарыялар).Коомдук иш-чаралар: Маданий ийримдерди жайылтуу үчүн көргөзмөлөр, концерттер жана маданий иш чараларды уюштуруу. Бул коомду катышууга шыктандырып, чыгармачылык ийримдердин маанилүүлүгүн көрсөтүүгө жардам берет. |
| Үч-Терек айыл аймагынын ички жолдору жалпы; 101,3км анын ичинде 71,3км таш жол 30км СССР убагындагы курулган жолдор жараксыз абалга келген. Ички жолдордун 45км асфальттоо. | Үч –Терек айыл аймагынын ички жолдорун асфальттоо, жолдорду асфальттоо – бул калк үчүн ыңгайлуу жана коопсуз транспорттук инфраструктураны түзүү. | Үч-Терек айыл аймагынынын асфальтталган жолдор жүргүнчүлөргө жана транспорт каражаттарына кыймылдоо ыңгайлуулугун камсыздап, айылдын жалпы көрүнүшүн жакшыртат. Төмөндө ички жолдорду асфальттоо үчүн негизги кадамдар келтирилген: 1. Жолдорду пландаштыруу жана долбоорлоо Кошумча изилдөө жана талдоо: Жолдун узундугун, кеңдигин жана жалпы абалын изилдеп, транспорттук агымды эске алуу керек. Дренаж системасын түзүү: |

| 3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү | | | |
|---|---|---|---|
| Инвестициялык артыкчылыктар | Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр | Бааланган наркы (миң сом) |
| Долбоордун аталышы, мисалы:"айылдагы (айылдын аталышы) көчөлөрдө (көчөлөрдүн аталышы) ичүүчү суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо” | Долбоордун кыскача баяндамасы: мисалы "чөкмөлөрдү, суу түтүктөрүн алмаштыруу,суу бөлгүч колонкалардын ордуна короолорго суу түтүктөрдү орнотуу, эсептегичтерди орнотуу" | Бул жерде баалуулуктар менен натыйжа жана ошол натыйжаны алууга мүмкүн болгон убакыт көрсөтүлөт. Мисалы:<br>"2025-жылдын октябрына чейин система толугу менен жаңыртылды, 198 кожолукка ичүүчү сууга түз жетүү мүмкүнчүлүгү берилди. Долбоор | 40 000 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аяктагандан кийин айылда (айылдын аталышы) кожолуктардын 100% ичүүчү сууга түз жеткиликтүүлүгү бар" | |
| Үч-Терек айыл аймагына караштуу 5 айылды таза суу менен толук кандуу камсыздоо, 95% | Үч-Терек айыл аймагында ички суу түтүкчөлөрүн толук кандуу тазалап, элдин таза сууга болгон муктаждыгын жоюу, | Үч-Терек айыл аймагынын элин толук кандуу таза суу менен камсыз кылуу, элдин дагы ден-соолугуна кам көрүү. Элибиз таза суу ичсе, оору сыркоодон алыс болушат. Ар бир айылда ар бир үйдүн короосунда сапаттуу сууну үзгүлтүксүз элге жеткирүү. | 2,0 |
| БАРДЫГЫ | | | |

## 4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

4.1. (таблица) Экономикалык өнүгүү (миң сом)

| Категория | факт | | | күтүлгөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. | 2028 ж. | 2029 ж. |
| Негизги фонддор (юридикалык жактар боюнча, үй чарба секторун эсепке албаганда)-(жылдын аягына карата толук наркы боюнча) –негизги фонддор- айыл окмот | 31789,3 | 33883,5 | 34014,2 | 34014,2 | 34014,2 | 34014,2 | 34014,2 |
| Экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү көлөмү: | 4231,2 | 5196,0 | 4877,2 | 5858,3 | 7060,1 | 7158,4 | 7125,2 |
| Айыл чарба | 4231,2 | 5196,0 | 4877,2 | 5858,3 | 7060,1 | 7158,4 | 7125,2 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 674,7 | 103,5 | 1007,6 | 116,0 | 989,3 | 1021,0 | 1015,9 |
| Мал чарбачылыгы | 4163,7 | 5218,0 | 4776,4 | 5742,3 | 6961,2 | 7056,3 | 7023,6 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Юридикалык жактардын өнөр жай продукциясынын көлөмү-кирпич завод, пескоблок, швея | 17340,0 | 20560,0 | 23860,0 | 31360,0 | 32320,0 | 33500,0 | 35000,0 |
| Өнөр жай кызматтары | | | | | | | |
| Жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү-Бал | 142,5 | 157,8 | 172,8 | 188,5 | 190,0 | 205,0 | 205,1 |
| Курулуш - негизги капиталга колдонулган инвестициялар - ар кандай объектилер боюнча жалпы суммада. ГЭС, | - | - | - | 7952,6 | | | |
| Экономикалык иштин түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү-магазин, | 6753,4 | 650,00 | 807,00 | 909,00 | 915,00 | 918,00 | 950,00 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | - | - | - | - | - | - | - |
| Мейманканалардын жана ресторандардын иши | - | 9015,0 | 22030,8 | 24030,0 | 24030,0 | 26,00 | 26,00 |
| Транспорттук иш-чаралар жана жүктөрдү сактоо | - | - | - | - | - | - | - |
| Маалымат жана байланыш<br>О-Нур телеком, Билайн, Мега ком, Кыргыз Почта .-аренда сумма | 250,0 | 250,0 | 250,0 | 250,0 | 250,0 | 250,0 | 250,0 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | - | 165,6 | 340,8 | 340,8 | 340,8 | 340,8 | 340,8 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | - | 60,0 | 60,0 | 60,0 | 70,0 | 80,0 | 100,0 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк-жеке менчик айдоочулук мектеби, | - | 336,0 | 420,0 | 645,0 | 750,0 | 936,0 | 1008,0 |
| Административдик жана көмөкчү иш-чаралар, зарплата | 7570,7 | 12698,7 | 15980,4 | 15980,4 | - | - | - |
| Билим берүү- здания стоимости | 115750,8 | 115750,8 | 115750,8 | 115750,8 | 115750,8 | 115750,8 | 115750,8 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 1902,2 | 1902,2 | 1902,2 | 1902,2 | 1902,2 | 1902,2 | 1902,2 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | - | - | - | - | - | - | - |
| Башка тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү | - | - | - | - | - | - | - |
| Түз инвестициялар | 91260,7 | 18592,7 | 217444,9 | 87404,1 | 10038,0 | 10546,2 | 11254,0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба | 35,0 | 1704 | 5292,9 | 1409,7 | 5,00 | 2600,00 | 3250,0 |
| Өнөр жай | - | | 6063,0 | 2865,0 | 3,00 | 4,00 | 24,00 |
| Курулуш | 86600,0 | 12269,8 | 59213,6 | 3904,2 | 75,00 | 5,00 | 36,0 |
| Соода-магазин | - | | 3000,0 | - | | | |
| Транспорт жана байланыш | - | - | 2683,4 | 174,2 | 1,00 | 1,900,0 | 2800,0 |
| Башка кызматтар | 4625,7 | 1725,8 | 14192,0 | 79051 | 9954,0 | 17362,8 | 5144,0 |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | - | - | - |
| Калктын кирешеси: | | | | | | | |
| Орточо номиналдык эмгек акы | 2000 | 5000 | 8000 | 15000 | 18000 | 25000 | 30000 |
| Эмгек мигранттарынын которуулары-трудостройство | - | - | - | - | - | - | - |
| Пенсиялардын орточо өлчөмү | 1500 | 2300 | 4000 | 6900 | 6900 | 7200 | 8000 |
| Жөлөкпулдардын орточо өлчөмү | 930 | 930 | 1380 | 1380 | 1500 | 1600 | 2000 |
| Чакан жана орто бизнестен түшкөн кирешенин орточо өлчөмү-соода, онор жай | 24093,4 | 21210 | 24667 | 32269 | 33235 | 34418 | 35950 |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| 4.2. Учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо | | | | | | | |

Бул жерде суроолорго кыска жооптор берилет:

Бул аймакта экономикалык өнүгүүгө кандай көйгөйлөр таасир этет?

Жооптордун варианттары:

- продукцияны сата турууучу жер жана кардарлар жок (сатуу рыногунун жоктугу же алыстыгы) ☐
- өндүрүү үчүн өздүк чийки зат жок, жеткирүү анын баасын кымбат кылат ☐
- квалификациялуу жумушчу күчү жок, иштей турган эч ким жок (- эмгекке жарамдуу калктын саны жетишсиз) ☐
- жергиликтүү ишкерлер жаңы ишканаларды, бизнести ачууга жолтоо болууда, каршылык көрсөтүүдө ☐
- жагымсыз инвестициялык климат (мисалы, калктын ири инвесторлорго карата начар мамилеси, калктын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү) ☐
- башка (көрсөтүлсүн):

Кайсы тармактар тез өнүгүп жатат, кайсынысы жайыраак жана эмне үчүн? (сүрөттөө)

Бул аймакта экономиканын кайсы тармактары өзгөчө жакшы өнүгө алмак (экономикалык адистештирүү)?

- айыл чарба ☒
- иштеп чыгуу өнөр жайы ☐
- тоо-кен ☐
- электр энергетикасы ☒
- соода ☒
- транспорт жана байланыш ☐
- туризм ☒
- кызматтар (кайсылар- көр сөтүңүз) ☐
- кол өнөрчүлүк ☒
- башка (көрсөтүлсүн):

Мындай тармактарды өнүктүрүү үчүн кандай жергиликтүү шарттар жагымдуу?

Жооптордун варианттары:

- туристтик продуктылар ☒
- чийки зат ☐
- калктын көндүмдөрү, кол өнөрчүлүк салттары (мисалы, булгаарыдан же жүндөн атайын жасалгалоо) ☐

- өзгөчө табигый шарттар (мисалы, өсүмдүктүн белгилүү бир түрүнүн өсүшү үчүн ылайыктуу климат) ☐

- башка (көрсөтүлсүн):

Перспективдүү тармакты өнүктүрүү үчүн эмне жетишпейт?

Жооптордун варианттары:

- чийки зат жана материалдар ☐
- аралык иштетүү ☐
- логистика (кампалар жана жеткирүү) ☐
- продукцияны региондук рыноктордо, өлкөнүн ичинде же чет өлкөлөрдө жылдыруу ☒
- кадрлар, эмгек ресурстары ☐
- энергия ☐
- ишкердик жөнүндө билим
- каржылоого мүмкүнчүлүк (мисалы, арзан кредиттер)
- башка (көрсөтүлсүн):

ЖӨБ деңгээлинде перспективдүү тармакты колдоо үчүн эмне кылса болот?

Жооптордун варианттары:

- кластер түзүү ☐
- туристтик дестинацияны түзүү (мисалы, коңшу ЖӨБ менен биргеликте) ☐
- аймакты жарнамалоо (маркетинг) ☐
- аймактын брендин же маркасын иштеп чыгуу (өрүк, карагат, боз үй, комуз, көл, шаркыратма ж. б.) ☐
- башка (көрсөтүлсүн):

Район же облус перспективдүү тармакты өнүктүрүүгө кандай формада жардам берет? Кандай иш-чараларды өткөрөт? Бул колдоо жетиштүүбү? Эгер жетишсиз болсо, анда аймак регионалдык деңгээлден дагы эмнени күтүшү мүмкүн? (сүрөттөө)

Экономикалык адистештирүүнү баалоодо ири тоо-кен тармагын эске албоо сунушталат – бул улуттук масштабдагы адистештирүү, ошондой эле курулушту эсепке албоо сунушталат, анткени бул колдоочу тармак

БСРди кайрадан оңдоп түзөөгө планга киргизүү, сезондук колдонуу.

2. Үч-Терек а/а чакан киреше алып келүүчү ишканаларды ачуу

–тигүү цехтери

-кайра иштетүүчү консерваланган ишкана ачуу

3. Үч-Терек а/ө борбору Үч-Терек айылына логистикалык борбор ачуу

4. Чакан ГЭСтерди куруугa көмөктөшүү (жер бөлүштүрүп берүү ГОС акт)

5.Жашыл экономиканы жана Туризмди өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү.( Заманбап этно боз үйлөрдү куруу)

6. Осмон –Ата суугат суусун ишке ашыруу (5,1км аралыктан, 250мм полиэтилен шлангасы менен айыл ичине тартып келүү) 283га жер аянты суугат суу менен камсыз болот.

7.Заманбап стекловидная-24 буудай үрөөнүн кайрак жерге себүү, кайрак жерден түшүм алуу.

Мал чарбачылыгы: Мурунку жылдарга салыштырмалуу малдын башы өскөнү менен асылдуулугу начар бойдон эле калып, мал багууда жаңы ыкмалар пайдаланылбайт.

Кой чарбачылыгы: Койлордун гана асылдуулугун жогорулатуу аракетинде негизинен Чүй өрөөнүнөн эт багытындагы гиссар жана эдельбай пародасындагы кочкорлорду алып келип жергиликтүү койлорго кошуп жүрүшөт. Ошондуктан элдин койлорунда кичине жакшы жагына өзгөрүү бар экени байкалат. Бирок айылда уяң жүндүү койлордун саны аз калган. Ошондой эле кийинки учурларда эчкилердин саны кескин азайганы байкалат. Негизинен Үч-Терек өрөөнү кой өстүрүүгө абдан ыңгайлуу келип, башка райондорго салыштырмалуу кой өстүрүүдө сарпталган чыгым минималдуу. Демек койдон түшкөн киреше башка жактарга салыштырмалуу көбүрөөк. Элдин жашоо турмушун жакшыртууда кой чарбачылыгы маанилүү ролду ойнойт. Асыл тукум кой өстүрүүчү чарбалардын эт жана жүн багытындагы койлордун санын көбөйтүү.

Уй чарбачылыгы: Уй чарбачылыгы дагы айылдыктардын маанилүү киреше булактарынын бири. Бирок учурда уй чарбачылыгында 3 негизги көйгөй бар экендиги байкалат. 1). Уйлардын асылдуулугун жогорулатуу боюнча эч кандай иштер жүрбөйт. Жасалма уруктандыруу пункту бар бирок иштин жүрүүсү начар. Уйлар жергиликтүү тай-букалардан качып, түшкөн музоолордун асылдуулугу начар. Ошондой эле уйлардын саандуулугу дагы төмөн бойдон калган. 2) Экинчи маселе тоют даярдоого же тоюттандырууга байланыштуу. Башкача айтканда элдердин саан уйларды талапка ылайык тоюттандырбагандыгын байкоого болот. Кышкыга даярдалган тоюттардан бир гана кургак чөп жана арпа даярдалат. Силос, сенаж, тоют кызылчасы, ашкабак ж.б. чыктуу жана минералдык тоюттар даярдалбайт. Натыйжада күз келип, талаада чөп катыгандан баштап уйлардын сүтү азаят же чыкпай калат. Анын кесепетинен ноябрь айынан апрель айына чейин район боюнча сүткө болгон таңсыктык жаралганын байкоого болот. Ошондой эле айылда торпок, бука, кунаажын, уй бордоп семиртип саткандар деле көп кездешпейт. Үчүнчү маселе уйлардын ветеринардык кароодон жана эмдөөдөн регулярдуу толук өтүп турбагандыгы жана дегельминтизация тийиштүү деңгээлде жүргүзүлбөйт. Ошондуктан эгер биз келээрки 5 жыл аралыгында элдин негизги киреше булагын өссүн десек анда бул багытты ирээтке салышыбыз зарыл. Жетиген айылындагы табигый шарттар уй чарбачылыгынын өсүп өнүгүүсүнө толук ыңгайлуу. Ошондуктан мал чарбачылыгынын бул багыты кирешелүү жана келечектүү. Бир гана элдин аң сезимин өзгөртүү аркылуу уй багуу ыкмасын тезинен туура багытка өзгөртүүбүз зарыл. Айыл аймагында сүт багытындагы уйлардын санын көбөйтүү.

Жылкы чарбачылыгы: Башка малдардай эле айылда жылкы баласынын көбөйгөнүн байкоого болот. Бакканга оңой, көп көңүл буруууну жана тоютту талап кылбайт. Бирок жылкы өстүрүүдө дагы анын асылдуулугун жакшыртуу боюнча иштер жок. Жалпысынан жергиликтүү породадагы гана жылкылар кармалат. Ошол себептүү этке жана сүт алууга гана пайдаланылат. Таза кандуу күлүк жылкылар аз санда.

Үй канаттуулары. Айрым өткөн жылдарга салыштырмалуу үй канаттууларынын азайганын байкоого болот. Бирок ошол эле учурда азык-түлүк базарында жумуртка менен канаттуулардын этинин баасы стабилдүү сакталууда. Андыктан алардын башынын азайып кетишинин себеби түшүнүксүз. Жогоруда айтылган айылдын шарттары үй канаттууларынын бардык түрүн багып, өстүрүп, андан киреше табууга

мүмкүнчүлүк берет. Өзгөчө жаңы тирдик жаш үй бүлөөлөргө жана жакыр үй бүлөөлөргө абдан ыңгайлуу. Бул стратегиялык пландын алкагында аталган тармакты өнүктүрүү, үй канаттууларынын санын жана сапатын өстүрүү боюнча эффективдүү иш аракеттерди жасоо белгиленген.

Аарычылык: Бал челек кармап бал алууга айылда толук шарттар бар, эч ким бул тармакты өздөштүргөн жок. Албетте көп сандагы бал челек кармаса чоң киреше кириши мүмкүн, бирок жок дегенде айылдын 3/1 де 4-5 тен бал челек болсо, айыл тургундарынын жана балдардын ден-соолугуна оң таасирин бермек.

Бал челек тармагын өздөштүрүп, өркүндөтүү.

Талаачылык: Акыркы 5 жыл аралыгында көп жылдык чөптүн аянтынын чоңойгону байкалат жана бул туура кадам болгонун мезгил тастыктады. Анткени биринчиден жылыга айдала берип арыктап, шамалга жана сууга жуулуп, эрозияга учураган жер кыртышы калыбына келүүдө. Экинчиден айылдын тоютка болгон муктаждыгын толук камсыздоо менен түшкөн киреше туруктуу жана сатып өткөрүүдө маселе жаралбайт. Ошондуктан учурда талаачылыктагы эң көп өндүрүлгөн продукциянын түрү бул беде жана эспарцет. Экинчи орунда арпа турат. Бул дагы малга тоют катарында кетет. Талаачылыктагы башкы көйгөйлөрдүн бири бул ирригациялык системанын толук кандуу иштебей, негизги сугат каналдарынын өткөрүмдүүлүгү төмөндөп, ремонтко муктаж болгондуктан келаткан суу коромжу болуп, айдоо жерлерге толук жетпей жаткандыгы болуп саналат. Экинчи көйгөй бул органикалык жана минералдык жер семирткичтердин өсүмдүктөргө берилбегендиги. Акыркы жылдары айылда айыл чарба техникалары жана шаймандары көбөйгөндүгү талаачылыктын өнүгүшүнө жана түшүмдү өз убагында жыйнап алууга ыңгайлуу шарттары түзүлөт.

Огороддор: Огороддорду максималдуу эффективдүү жана туура багытта пайдалануу үй-бүлөөлөрдүн жашоо турмушунун жакшырына чоң салым кошот. Огород маселесиндеги негизги көйгөйлөрдүн бири бул сугат суунун тартыштыгы. Тартыштык сугат суунун көлөмүнүн аздыгынан эмес, ички арыктардын казылып, тазаланбагандыгынан жана келген сууну көзөмөлдөгөн адам жоктугунан болууда. Ошондуктан эгер огороддорду эффективдүү пайдаланабыз десек анда биз эң ириде айыл ичиндеги арыктарды убагында казып, тазалап, оңдоп туруубуз зарыл. Сууларды дагы эффективдүү пайдалануу максатында гидротарандарды орнотушубуз керек. Алынган түшүмдү туура сакташ үчүн чоңураак жана талапка ылайык кампаларды куруубуз зарыл.

Талаачылык маселесине байланышкан көйгөйлөр:

✓ Муниципалдык ишкананын алдында үрөөнчүлүк чарба түзүү, элди сапаттуу үрөөн менен камсыз кылуу.

✓ Үч-Терек айыл аймагында комбайндын жетишсиздиги

✓ Сугат суунун жетишсиздиги.

✓ Тоют базанын начардыгы.

Ирригация системасы. Жогоруда айтылгандай эле айыл тургундарынын үй-бүлөөлүк кирешесинин негизги булагы бул – мал чарбачылыгы. Ал эми мал чарбачылыгынын өнүгүп өсүүсү тоют базасынан түздөн түз көз каранды. Ал эми тоют өсүмдүктөрү толук кандуу жана өз убагында сугарылбаса тоют базасы эч качан өнүкпөйт. Демек сугат суу менен камсыз кылуу системасынын иштөөсүнөн жалпы элдин жашоо-турмушу көз каранды десек жаңылыштык болбойт. Сугат суунун жазында кеч келгени эле болбосо, негизинен вегетациялык убакытта сугат суу жетишээрлик көлөмдө эле болот. Ошондуктан эгер биз жашоо турмушубуз оңолсун десек, сөзсүз түрдө негизги сугат каналдарын куруп, тазалап, оңдоп чыгуубуз зарыл.

Ирригация маселесине байланышкан көйгөйлөр:

| | | | |
|---|---|---|---|
| ✓ Үч-Терек айыл аймагына тиешелүү айдоо жерлерди суугарчу ирригациялык каналдардын картасынын жоктугу.<br>✓ Айылдын ички арыктар системасынын картасынын жоктугу.<br>Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо максатында дан эгиндеринин жалпы аянтын 30га аянтка көбөйтүү. Өндүрүлгөн дан эгиндеринин көлөмү жогорулайт, азык түлүк коопсуздугун камсыздоо.<br><br>Жайыттар: Жайлоо жакын болуп, мал баккан чабандарга көчүп барып келүүгө жакшы эле ыңгайлуу. Бирок малдын негизги бөлүгү жайлаган Кара-Суу, Шум жайлоосуна баруучу жолдор канаттандырарлык, көпүрөлөр салынган. Натыйжада жакын турган жайлоого бир далай убакытта барууга туура келет.<br><br>Туризм маселесине байланышкан көйгөйлөр:<br>✓ Туристерге ыңгайлуу эс алуучу жайлардын жоктугу<br>«Медициналык туризмди » өнүктүрүү максатында Кара-Суу жайлоосунун 3 жеринде боз үй шаарчасын уюштуруу. Сүт жана кымыз менен дарылоо ыкмасы менен туристерди тартуу. 0,5сом 2023-2026-жылдарга пландоо.<br>Айыл аймактын калкынын жана туристердин ден соолуктары чыңдалат.<br>Боз үй жана палаткаларды тигип, эс алуучуларга шарттарды түзүү.<br>Экотуризмди өнүктүрүү максатында Бишкек-Ош автожолунун жээгинде туристерди кабыл алуучу чакан оплекс ачуу. Айыл аймакта жайкы туризмди өнүктүрүү. | | | |
| | | | |
| 4.3. Экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар). | | | |
| Артыкчылык | Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр | Бааланган наркы (миң сом) |
| Биринчи кезектеги муктаждыктардын бири же жеке инвестициянын долбоору көрсөтүлөт, мисалы:<br>"Артыкчылык: бодо жана майда мүйүздүү малдар үчүн тоют базасын өнүктүрүү. Чара: жер- | Натыйжага жетүү үчүн эмне керек, мисалы:<br>Айыл өкмөтү, Айыл чарба министрлигинин региондук бөлүмүнүн көмөгү менен министрликтин адистеринин келүүсүн уюштурат, алар айыл | Бул жерде баалуулуктар менен натыйжа жана бул натыйжаны алууга боло турган мезгил көрсөтүлөт, мисалы:<br>"Жыйынтыгында малчылар жаңы билимдерге жана | 10<br>(жергиликтүү бюджет)<br>20 (ишкерлер) |

| | | | |
|---|---|---|---|
